КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧУЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

СЫН-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
СЫН-ТАШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СЫН-ТАШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА СЫН-ТАШ

ТОКТОМ № 20/3

28.01.2025-жыл Тельман а.

**Сын-Таш айыл аймагындагы тарыхый-маданий мурас объектилерин инвентаризациялоону бекитүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.01.2025-жылдын №13-т Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекемелер жайгашкан тарыхый-маданий мурас обьекттеринин курамына кирген административдик имараттарды жана курулмаларды инвентаризациялоо жөнүндө тескемеге ылайык, Сын-Таш айыл аймагындагы тарыхый-маданий мурас объектилерин инвентаризациялоо максатында Сын-Таш айыл Кеңеши

ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:

1. Сын-Таш айыл аймагындагы Тельман айылдык маданият үйү 1950-жылы Сталин убагындагы классицизм духунда курулган элементтери менен, Будданын аска таштагы сүрөтү жана тибет жазуусу - курорт "Ысык-Ата" киреберишинин сол тарабында жайгашкан, жаны археологиялык казуулардан кийин чыккан Жетиген айылында №203 контурунда, Өтөгөн айылынын №133 контурунда, Төрткүл Ысык-Ата ЫсыкАта суу сактагычтын жанындагы археология эстелиги, №874 контурунда жайгашкан Салмоор 21 кургандан түзүлгөн, Ысык-Ата көрүстөндөр 1-2 бардыгы тарыхый-маданий мурас обьектилери катары жергиликтүү маанидеги эстеликтер деп аныкталсын.
2. Жогорудагы тарыхый-маданий мурас обьектилери Сын-Таш айыл өкмөтү тарабынан инветаризациялоодон өткөрүлсүн.
3. Жогорудагы токтомдун көзөмөлү Сын-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы К.Асановго жүктөлсүн.

Сын-Таш айыл Кеңешинин төрагасы: М.Ш.Кучкачев